УДК 82.–31+37. 012
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-124-127

**БАЙСАБАЕВ Б.А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**БАЙСАБАЕВ Б.А.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**BAYSABAEV B.A.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0009-0004-6111-7437

# АВДИЙ КАЛЛИСТРАТОВДУН ЖАҢЫ ДИН ИЗДӨӨЧҮЛҮГҮНӨ КАРАТА ПРОФЕССОР К.АРТЫКБАЕВДИН КӨЗ КАРАШ-ПОЗИЦИЯСЫН Ч. АЙТМАТОВДУН «КЫЯМАТ» РОМАНЫН ОКУТУУДА ТАЛДАП ӨЗДӨШТҮРҮҮ

АНАЛИЗ И СРАВНЕНИЕ ТОЧЕК ЗРЕНИЯ ПРОФЕССОРА К. АРТЫКБАЕВА О НОВОЙ РЕЛИГИИ АВДИЯ КАЛЛИСТРАТОВА В РАМКАХ ИЗУЧЕНИЯ РОМАНА Ч. АЙТМАТОВА «ПЛАХА»

MASTERING THE POINT OF VIEW AND POSITIONS OF PROFESSOR K. ARTYKBAEV ON THE SEARCH FOR NEW WAYS IN RELIGION BY AVDIY KALLISTRATOV IN THE STUDY OF THE NOVEL BY CH. AITMATOV'S "PLAHA"

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада заманыбыздын залкар калемгери Ч.Айтматовдун «Кыямат» романы жана андагы Авдий Каллистратовдун образы, анын жаңы дин издөөчүлүк ишмердүүлүгүнө, ой калчап толгонууларына карата филология илимдеринин доктору, профессор К.Артыкбаевдин жазып калтырган көз караш позициясы тууралуу сөз жүрөт. Мында башкы кеп мектеп окуучусунун, анын устаты кыргыз тили жана адабияты мугалиминин жашоодо кездешкен ар кандай шарт-кырдаал, окуялар, өзү алака-катышта болгон адамдар, өз алдынча же класста биргелешип окуп өздөштүрүлгөн чыгарма, андагы каармандар тууралуу кичине болсо да башкалардын айтып, жазып калтырганына окшобогон жекече пикири, көз-караш позициясы, келип токтогон ой-корутундусу болушу жагдайында уланмакчы. Ушунда мектеп окуучусунун, ага билим берген кыргыз адабияты мугалиминин адабий туундунун автору, аны изилдеген сынчылар, адабиятчы окумуштуулар менен курч полемикага чыгуусу тууралуу айтылып жатат. Мына ушунун өзүндө болочок жаш муундун демейки жашоодо кездешкен ар бир жагдай, кубулуш боюнча өзүнүн жекече көз караш-позициясы бар экендиги жана анысын элдин алдына алып чыгууга, жанталашып коргоого компетенциялык мүмкүнчүлүгү бар инсан катары жетилүүсү, калыптануусу жатат. Төмөндө кеп мына ушул тууралуу жүрмөкчү.

**Аннотация:** В статье рассматривается роман «Страшный суд» великого писателя современности Ч. Айтматова и образ Авдия Каллистратова в нём, его деятельность в поисках новой религии, его размышления, изложенные доктором филологических наук, профессором К. Артыкбаевым. Главное здесь заключается в том, что у школьника, его учителя кыргызского языка и литературы, есть своё мнение, точка зрения и вывод о различных ситуациях и событиях, с которыми он сталкивается в жизни, о людях, с которыми он взаимодействует, о прочитанном и освоенном им самостоятельно или совместно в классе произведении, о его персонажах, которые хотя бы немного отличаются от того, что говорили и писали другие. Речь идёт об острой полемике школьника, учителя кыргызской литературы, который его учил, с автором произведения, критиками, изучавшими его, и литературоведами. В этом и заключается суть будущего молодого поколения, имеющего свою индивидуальную точку зрения и позицию по каждому случаю и явлению, встречающемуся в повседневной жизни, и взрослеющего и развивающегося как полноценная личность, способная представить её общественности и решительно отстаивать. Об этом мы и поговорим ниже.

**Abstract:** The article discusses the novel “The Last Judgment” by the great contemporary writer Ch. Aitmatov and the character of Avdiy Kallistratov in it, his search for a new religion, and his reflections, as described by Doctor of Philology and Professor K. Artykbaev. The main point here is that the schoolboy and his teacher of Kyrgyz language and literature have their own opinions, point of view, and conclusion about various situations and events he encounters in life, about the people he interacts with, about the works he has

read and studied independently or together in class, about its characters, which differ at least slightly from what others have said and written. We are talking about the heated debate between the student, the Kyrgyz literature teacher who taught him, the author of the work, the critics who studied it, and literary scholars. This is the essence of the future young generation, which has its own individual point of view and position on every event and phenomenon encountered in everyday life, and which is maturing and developing as a full-fledged personality, capable of presenting it to the public and resolutely defending it. We will talk about this below.

**Негизги сөздөр:** жаңы дин издөөчүлүк; мектеп окуучусу; курч полемика; болочок жаш муун; устат мугалим; инсан болуп жетилүү.

**Ключевые слова:** поиск новой религии; школьник; острая полемика; будущее молодое поколение; учитель-наставник; взросление как личности.

**Keywords:** search for a new religion; schoolboy; acute controversy; the future young generation; teacher-mentor; growing up as a person.

Улуттук сыймыгыбыз, дүйнөлүк масштабдагы классик жазуучу Ч.Айтматовдун «Кыямат» романында Авдий Каллистратовдун жаңы дин издөөчүлүк ишмердүүлүгү туурасында кенен сөз жүрөт. Дякондун уулу Авдий жашынан диний терең ишенимде тарбияланат. Кийин диний семинарияда окуп, көп өтпөй эле андан кайрыдиндик көз караштары үчүн куулуп чыгарылат. Авдийдин динди өзгөртүүгө, жаңы шартка ылайыкташтырууга болгон көз караш-позициясы анын өз сөзү аркылуу берсек, төмөндөгүдөй: «Кеп түйүнү жалаң менде эмес, кеп салттуу диндердин бүгүнкү күнү таптакыр эскирип калганында, жаңы ойгонуп келаткан төмөнкү катмардагы адамдардын ата-бабасынан бери калыптанып калган, аң-сезимине ылайыкташкан дини тууралуу олуттуу сөз кылууга болобу? Өзүңүз түшүнөсүз, эгер тарых бүт дүйнөлүк дин ишениминин аймагына ылайыктуу бүгүнкү күндүн талабына жараша жаңы, ыйык идеялары бар борбордук бир Кудайды сунуш кылып алып чыга алса, ошондо гана дин ишеними ишенерлик деп үмүт этсе болор эле. Менин кетип жаткан себебим ушул да». [1, 116-б.] «Бул ойго мен кокусунан келип жеткен жокмун, – дейт Авдий сөзүн андан ары улантып. – Мен бул ойго христианчылыкты изилдеп чыгып жана бүгүнкү күнгө көз салып, акыл чайкап отуруп жеттим. Эч качан жете албасам да, таппай сыйпалап калсам да, мен баары бир Кудайдын бүгүнкү күнгө ылайыктуу жаңы формасын издегеним издеген…». [1, 117-б.] Анын мындай жаңы дин издөөчүлүк ишмердүүлүгү эски догматтык позициядагы, нукура билимден, маалымдуулуктан тышкары калган караңгы динчилерге да, ошондой эле ар кандай диндик ишенүүнү таптакыр эле жокко чыгарган, марксисттик-лениндик идеологияга таянып иш алып барган атеисттерге да жакпайт. Атеисттерге жакпаган себеби, өз жашоосун бүтүп, ойрону чыгарына аз эле калгансыган догматтык динге каршы күрөшүү оңой эле да. Кокус караңгы, өз алдынча ойлоно албаган билимсиз калкты жаңы шартка ылайыкташкан, мурдагыдан да күчтүү, таасирдүү ууландыруу мүмкүнчүлүгүнө жетишкен жаңы дин кабыл алынып калса, ага идеялык жактан каршы туруу абдан эле кыйынга турмакчы. Демек, Авдий – фанатик динчилер үчүн эле эмес, атеисттер үчүн да эң эле коркунучтуу инсан.

Ушунда класста Ч.Айтматовдун «Кыямат» романындагы өзөктүк каармандардын бири Авдий Каллистратовдун динге болгон мамилеси, анын жаңы дин издөөчүлүк ишмердүүлүгү тууралуу талаш-тартыштык – полемикалык кырдаал келип чыгышы ыктымал. Айрым дилгир окуучулар «Кыямат» романы тууралуу окумуштуу адабиятчылар К.Асаналиевдин, К.Артыкбаевдин ж.б. жазган пикирлери менен тааныш болуп, айрыкча К.Артыкбаевдин Авдийге, ага кошуп Иусус Христоско атеист деп аныктама бергени боюнча маселени алып чыгыштары мүмкүн. Азыркы учурдун адабиятты – кыргыз адабиятын заманбап окутуунун талабына ылайык, окуучулардын ортого коюлган маселе боюнча өзүнүн жекече оюн тартынбай айтууга, талашып-тартышууга, өз пикирин тийиштүү аргументтерди келтирип коргоого, далилдөөгө мүмкүнчүлүк берилет. Мында айтылган ар пикир эске алынып, окуучулардын эмгеги талкууга катышуу жигердүүлүктөрүнө жараша бааланат. Анан, албетте, мындай полемикалуу талкуу мугалимдин жыйынтыктоочу сөзү менен акырына чыгарылганы ылайык. Ооба, «окуучулардын айтканы өзүнчө туура, өзүнчө баалуу, мүмкүн кандайдыр реалдуу негизи бар,

бирок адилеттүү, калыс чындык бирөө эле да. Класстагы окуучулардын баары сүйлөп бүткөндөн кийин, көтөрүлгөн маселе боюнча бирден бир туура ой-корутундуну – жоопту мугалим жалпылоо иретинде ортого салып, андагы өзүнүн турмушту ар тараптуу аңдап-түшүнгөн инсан, адабият мугалими катары көз караш-позициясын сабырдуулук менен түшүндүргөнү ылайык. …Мындай кадам, сөзсүз, тарбиялык максатты көздөйт. Адабият мугалиминин сабак өтүүдөгү тарбия берүүчүлүк башкы максаты мектеп окуучусун гумандуу, калыс, адептүү, кайрымдуу, адилеттүү, чыдамдуу, чындык үчүн бекем турган принципиалдуу, кайратттуу, намыстуу, эрктүү жана да күрөшчүл жаш инсан, өз эли-жеринин чыныгы атуулу, татыктуу кызы катары калыптандыруу менен байланышта ишке ашат». [5, 290–291-б.] Демек, көркөм чыгарманы талдап өздөштүрүү процессинде айтылган айрым туура эмес турмуштук позициянын, көз караш-пикирдин окуучулардын аң-сезиминде бекем турук алуусуна түк жол берилбеши керек.

Чынында эле профессор К. Артыкбаев өзүнүн «Акыйкат сабагы» аттуу көлөмдүү макаласында Авдий Каллистратовду, ал гана эмес романдагы христиан динин негиздөөчү Иисус Христостун өзүн да атеист катары мүнөздөйт: «Координатор ата менен болгон талашта Авдий байыртан берки диндин катып калган догмаларынан кутулууну, адамдын аң-сезимине эркиндик берүүнү, дүйнөдө бардык нерселер өзгөргөн сыяктуу диндин да өзгөрөрүн тааный билүүнү бир кезде – адамдар али табийгат алдында алсыз учурда өз ролун ойногон диндин азыркы илимий-техникалык революциянын заманында өз күчүн жоготкондугун сезүүнү, кептин чын-чынына келгенде адам өзү кудай болгон абалга келгендигин түшүнүүнү сунуш кылат. Ошентип, Координатор менен болгон принципиалдуу талашта Авдий **көз карашы биротоло калыптанган, өз ишениминен баш тартпай турган атеист** (Кара тамга менен коюуланткан биз – Б.Б.) катары көрүнөт. Каармандын дал ушул позициясын Иисус Назаряниндин эртеңки кудай жөнүндөгү ишеними менен туура эмес чаташтырып алып, Авдийди динге ишенген образ катары түшүндүргөн да ойлор айтылды. Бул – албетте, романдын негизги маңызын, Авдийдин адегенде эле Координатор менен талашка түшкөндөгү туруктуу позициясын жана ал позициянын кийинки эпизоддордо улам тереңдеп отургандыгын так түшүнбөөдөн улам айтылып калган калпыс пикир. Романды кунт коюп окуган адам Иисустун өзүнүн да белгилүү өлчөмдө атеисттик позицияда экендигин даана сезет. Анткени автор Библиядагы Иисустун окуясын мурдагы диндик алкакка эмес, дал бүгүнкү күндүн көз карашына ылайыктуу нукка баш ийдирип кайрадан иштеп чыккан. Ошон үчүн автор өзүнүн интервьюларынын биринде Иисусту кудайга барыш үчүн эмес, ал аркылуу адамга барыш үчүн колдондум деп ачык айткан». [2, 174-б.]

Айтмакчы, Ч. Айтматов Авдий Каллистратовдун образын, андагы Иусусту «кудайга барыш үчүн эмес, ал аркылуу адамга барыш үчүн» колдонгон күндө да башкы каарман Авдийдин бүгүнкү күн талабына жооп берген динди издөө фактысынын өзү эле анын фанат динчилдигинен кабар берет. Биздин оюбузча, проф. К. Артыкбаев Авдийди, анын башкы идеалы Иса пайгамбардын өзүн да атеистке чектеп терең жаңылыштыкка жол берген. А чынында, алдарраакта айтып кеткенибиздей, Авдий учур талабынан артта калган догматтык принциптеринен арылган, бүгүнкү шартка ылайыкташкан, мындан ары жашап кетүүгө жөндөмдүү жаңы динди киргизүү аракетинде жүрөт. Ооба, мында кеп динге карата реформатордук мамиле туурасында жүрүп жатат. Белгилей кетүүчү жагдай, Авдий Каллистратов – ырасында эле дин үчүн чындап күйгөн, ал үчүн өз кара жанынан кечүүгө даяр турган фанатик динчи. Ошол эле учурда ал терең акылы, ашкере билимдүүлүгүнөн улам баарына анык көзү жетип, догматтык дин жыл санап коомдук позициясын бошоңдотуп баратканына жаны кейийт, бул катаал турмуш чындыгына өзүнөн башка Координатор баштаган дин өкүлдөрүнүн бири да козголуп койбогонуна күйүп, чиркөөдөн кол үзөт. Өзүн болочок пайгамбар сезип, диндин жаңы үлгүсүн иштеп, аны элге сиңдирүү аракетинде жүрөт. Иисус тууралуу да жогорудагыдай эле ойду айтсак болот. Ал ошол өзүнө чейинки диндердин эскирип бүткөн принциптери менен түк келише албаганынан улам аны түп тамырынан реформалоо үчүн аттанып чыккан болуучу. Өзү жараткан христиан дининин урматы үчүн ал өз ишениминде бекем туруп, алдыдагы өлүмгө тике караганы баарыга жакшы белгилүү.

Ооба, Авдий Каллистратов – дин үчүн чындап күйгөн, ага терең, бекем ишенген адам. Жогоруда айтылгандардан ачык көрүнүп тургандай, «баарынан мурда ал – христианин, христиан динин жаңыртып, жаңы мазмунда ишке ашырууну көздөгөн, ошону бирден-бир максат катарында койгон диний ишмер…». [3, 153-б.] Анын башкы идеалы – Улуу Рим империясынын прокуратору Понтий Пилаттын алдында түк да калтаарыбай, өз чындыгы, жаңы гана түптөлүп баштаган христиан дини үчүн крестке кадалып, кыйнап өлтүрүлгөн Иса пайгамбар. Ошондой эле Авдий көп китептерди окуп, ар тараптан терең билимдүү болгону менен, демейки күнүмдүк катаал турмушту анча биле бербеген, ага ылайыкташа албаган апенди фанатик да. Миң кырдуу катаал турмушту, реалдуу адамдарды жакындан билбегени үчүн, Гришандын сөзү менен айтканда, «кудайга жашыруун эшиктен кирген» Петруха, Лёнкаларды оң жолго салгысы бар?.. Андай эле үгүттөгүч, оң жолго салгыч экен, чиркөөлөрдүн алдына, карапайым элдин арасына барып үгүттөп, иш жүргүзбөйбү?! Катуу таяк жеп, аз жерден «нашаачы досторунун» колунан өлбөй калганы да ага сабак боло албайт. Сүйгөнү Инга Федоровнанын чакыруусу менен келип, бирок аны ордунан таппай калган соң, бир чети убакыт өткөрмөккө, экинчи чети бир аз акча таап алмакчы болуп, ал областтык чоңдордун атайын тапшырмасы менен казак талаасындагы жапайы бөкөндөргө кыргын салуучулардын тобуна келип кошулат. «Хунта» деп атап алышкан ал топтун башчысы Обер-Кандалов менен анын жанындагылардын чыныгы жүзү ачылган соң, булардын кылыгына карата өз позициясын так билдирип, угушпаса жолу башка, ажырым экенин айтып кетип калуунун ордуна Авдий аларды да кудай жолуна кайтаруунун жандалбас аракетинде болот. Бул жолу да аябай тепки жеп, акыры идеалы Иса пайгамбардай болуп сөксөөлгө керип таңылып, кыйналып жатып өлөт.

Сөзүбүздү жыйынтыктасак, мында кеп мектептеги адабият мугалиминин, ошондой эле анын окуучуларынын өтүлүп жаткан чыгарма тууралуу башкалардыкына окшобогон жекече пикири болушу керектиги тууралуу жүрүүдө. Демек, көркөм чыгарманы, биздин мисалыбызда, Ч. Айтматовдун «Кыямат» романынын башкы каарманы Авдий Каллистратовдун образын – жаңы дин издөөчүлүк ишмердүүлүгүн мектептик талдоо эгер ат үстүнөн бүткөрүлүп, тактап айтканда, окуу китебинде берилгенди мугалимдин окуучуларга кайталап айтып берүүсү менен чектелсе, окуучулардын адабий билими талаптагыдай терең, ар тараптуу болбой калары анык. Андыктан адабият мугалими сабагы чындап жогорку деңгээлде, тийиштүү материалдарга бай болсун десе, ошол өтүлүү алдында турган чыгарма – «Кыямат» романы тууралуу сындарды, адабиятчы окумуштуулардын талдоолорун ыгы менен пайдаланганы ылайык. Андан да бир эле көркөм чыгарма тууралуу ар бир сынчы, адабиятчы ар башка, болгондо да бири экинчисине каршы, ал гана эмес оппонентинин пикирин таптакыр жокко чыгарган талдоолор да болушу мүмкүн. Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Б. Оторбаев таасын белгилеп кеткендей: «Мугалим бул сыяктуу материалдарды иргеп, абайлап пайдаланып, ал көз караш-пикирлердин ар бири жөнүндө калыс, туура позициядагы өз жеке пикирин иштеп чыгып, окуучуларын да ошого көндүргөнү оң. Мында адабият мугалими жеке эле сынчы-адабиятчылар менен полемикага чыкпастан, керек болсо автордун өзү менен талаш-тартышка чыгып, чыгармасындагы мүчүлүш жерлерин «оңдоп-түзөөгө» мүмкүнчүлүгү болгону ылайык». [4, 23–24-б.] Анан мугалим өзүн угуп отурган окуучуларын дал ушул сыяктантып өз жеке пикирин тартынбай айта билүүгө, өзүнүн көз караш-позициясында акырына чейин бекем туруп, далилдүү аргументтер аркылуу өзүнүкүн туруктуулук менен далилдей билүүгө көнүктүрсө, алардын келер күнгө карата өлкөбүздүн татыктуу адамы, өз алдынчалуу өсүп жетилген инсан эсебинде калыптанууларына өбөлгө түзүлөрү айныксыз.

**Колдонулган адабияттар**

1. Айтматов Ч. Кыямат. Китепте: Чыгармаларынын 8 томдук жыйнагы: VI том. 3-басылышы. – Бишкек: Улуу тоолор, 2014, 492-б.
2. Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. Китепте: Акыйкат сабагы: адабий сын мака-лалар, изилдөөлөр, адабий портреттер. – Бишкек: Адабият, 1991, 166-203-б.
3. Асаналиев К. Чыңгыз Айтматов: кечээ жана бүгүн. – Бишкек, 1995.
4. Оторбаев Б.К. Мектепте көркөм чыгарманы талдоонун технологиялары. Окуу куралы. – Бишкек: Айат, 2024, 192-б.
5. Оторбаев Б.К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. Окуу китеби. – Бишкек: Айат, 2022, 560-б.

**Рецензент: пед.и.к., профессор Оторбаев Б.К.**